
DAAD Deutscher Akademischer Austauschdienst German Academic Exchange Service

Universität Hamburg
DER FORSCHUNG | DER LEHRE | DER BILDUNG

TAALIM FORUM ТААЛИМ ФОРУМ

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ӨСПҮРҮМДӨР ЖАНА ЖАШТАР АРАСЫНДАГЫ ОНЛАЙН-АГРЕССИЯ ЧАКЫРЫКТАРЫ

Аналитикалык маалымкат | 2026



Левин Ю.
Доолбекова Ж.
Осмонова А.
Жолчубекова А.

# // МАЗМУНУ


Киришүү ........ 3

Изилдөөнүн резюмеси ........ 4

Изилдөөнүн деталдуу жыйынтыктары ........ 5

- Жаштардын санариптик реалдуулугу ........ 5
- Виктимизациянын масштабы жана мүнөзү: гендердик жана курактык өзгөчөлүктөрү ........ 5
- «Офлайн-онлайн» чынжырчасы: ажырагыс байланыш ........ 6
- Агрессияга катышуу: реакциядан «нормалдаштырууга» чейин ........ 6

Корутундулар ........ 7

Сунуштамалар ........ 8

# // КИРИШҮҮ

Бүткүл дүйнөдө буллингдин жана кибербуллингдин өспүрүмдөрдүн билимине жана ден соолугуна тийгизген олуттуу кесепеттери таанылганына карабастан (Kansok-Dusche et al., 2023; Zhu et al., 2021), Кыргызстанда ага каршы аракеттенүүнүн натыйжалуу чараларын иштеп чыгуу олуттуу тоскоолдукка дуушар болууда: бул биринчи кезекте репрезентативдүү улуттук маалыматтардын жоктугуна байланыштуу.

Ошону менен бирге, интернет колдонуучулардын санынын, өзгөчө өспүрүмдөр менен жаштардын арасында (камтуу 90%га жетет) тездик менен өсүшү кеңири мүмкүнчүлүктөр менен катар жаңы тобокелдиктерди жаратып, онлайн-коопсуздук маселесин өтө курч кылууда.

Изилдөө 2025-жылы Германиянын академиялык алмашуу кызматынын (DAAD) колдоосу менен Гамбург университети (Германия) менен өнөктөштүктө «Таалим-Форум» коомдук фонду тарабынан жүргүзүлгөн. Жыйынтыктар өспүрүмдөр жана жаштар арасында буллинг жана кибербуллинг учурларынын кеңири жайылганын көрсөтүп турат. Бул Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан тийиштүү чараларды көрүүнү талап кылат.

Сурамжылоого өлкөнүн 7 облусунан, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларындагы 128 окуу жайынан 12-25 жаштагы 2096 респондент (64% кыздар жана 36% уландар) катышты. Методология кыргыз жана орус тилдеринде онлайн анкеталык сурамжылоо жүргүзүү аркылуу сандык изилдөө болду. Анкетанын суроолору Гамбург университетинин Этикалык комитети жана КР Агартуу министрлигине караштуу Республикалык мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун окумуштуулар кеңеши тарабынан жактырылган.

Бул аналитикалык маалымкатта жаштарды коргоо жана коопсуз санариптик чөйрөнү түзүү үчүн негизги жыйынтыктар жана сунуштамалар берилген.

# // ИЗИЛДӨӨНҮН РЕЗЮМЕСИ

Изилдөө кооптуу чындыкты аныктады: санариптик мейкиндик жаштардын жашоосунун ажырагыс бөлүгү болуу менен бирге, ошол эле учурда жогорку тобокелдик чөйрөсүнө айланды. Көйгөйдүн масштабы дээрлик ар бир экинчи респондент киберкастыктын көрүнүштөрүн байкагандыгы, ал эми 15–18 пайызы ага туруктуу түрдө кабылгандыгы менен айкын көрүнүп турат. Изилдөө онлайн жана офлайн-буллингдин ажырагыс байланышын көрсөттү: офлайн режиминде башталган чыр-чатактар онлайн чөйрөгө оңой өтүп, тескерисинче да болуп, курмандыктар үчүн тынымсыз басымдын туюк айлампасын түзөт.

Коркунучтардын мүнөзү ачык гендердик өзгөчөлүккө ээ. Кыздар визуалдык жана жынысына карата жасалган агрессиянын курмандыгына көп айланышат, ал эми уландар улуттук, социалдык же саясий негиздеги чабуулдардын бутасы болушат. Кастык мамиленин кадимки көрүнүшкө айланып баратканынын кооптуу белгиси - ар бир төртүнчү респондент агрессивдүү контентти жайылтууга жок дегенде бир жолу катышкандыгы.

Көйгөйдү чечүүдө жаштардын гендердик жана курактык өзгөчөлүктөрүн милдеттүү түрдө эсепке алуу менен жөнгө салуу, билим берүүнү жана коомдук демилгелерди айкалыштырган комплекстүү мамилени жана системалуу жооп кайтаруу чараларына көңүл буруу керек болууда.

## НЕГИЗГИ СУНУШТАМАЛАР


Ченемдик базаны жана ведомстволор аралык координацияны өркүндөтүү, кибербуллингден коргоо программаларын интеграциялоо жана киберкастыкты таануу инструменттерин иштеп чыгуу зарыл. Көңүлдү алдын алуу иштерине жана окуу жайларында санариптик маданиятты жогорулатууга буруу, педагогдордун жана психологдордун эрте аныктоо жана медиация боюнча компетенцияларын өнүктүрүү, ошондой эле окуяларга мониторинг жүргүзүү инструменттери менен камсыздалган психологиялык колдоо көрсөтүүнүн улуттук кызматын түзүүнү карап чыгуу сунушталат. Модерацияны локалдаштыруу жана кыргыз тилиндеги кастык тилин таануу алгоритмдерин иштеп чыгуу үчүн IT сектору менен кызматташтыкты өнүктүрүү керек. «Тең-теңине» (peer-to-peer) программалары жана позитивдүү ролдук моделдерди тартуу аркылуу тармактарда сый-урмат маданиятын көтөрүү зарыл.

# // ИЗИЛДӨӨНҮН ДЕТАЛДУУ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Бөлүмдө онлайн жана офлайн-агрессиянын өз ара кандайча чырмалышып, өспүрүмдөр менен жаштар үчүн тобокелдиктердин бирдиктүү чөйрөсүн түзөрү, ошондой эле алардын курмандык жана агрессор катары катышуу мотивдерин ачып берген маалыматтарга талдоо жүргүзүлөт.

## АГРЕССИЯНЫН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШКАН ЭКОСИСТЕМАСЫ

### 1. Жаштардын санариптик реалдуулугу




Изилдөө көрсөткөндөй, санариптик чөйрөгө сүңгүү өспүрүмдөр жана жаштар үчүн көнүмүш адатка айланууда. Респонденттердин 84%дан ашыгы күн сайын интернетте 2 сааттан 4 саатка чейин убакыт өткөрүшөт, бул дүйнөлүк тенденцияларга шайкеш келет. WhatsApp, YouTube жана Instagram эң популярдуу платформалар болуп калды. Гендердик айырмачылыктар аныкталды: кыздар көбүнчө визуалдык жана коммуникативдик платформаларды (Instagram, WhatsApp) колдонушат, ал эми уландар YouTube жана оюн чөйрөлөрүн артык көрүшөт. Instagram жана TikTok респонденттер тарабынан кастык кашкайып эң көп көрүнгөн аймактар катары белгиленген. Санариптик чөйрөгө сүңгүү олуттуу тобокелдиктер менен байланыштуу, буга алардын киберкастыкка кабылуудагы жеке тажрыйбасы далил боло алат.

### 2. Виктимизациянын масштабдары жана мүнөзү: гендердик жана курактык өзгөчөлүктөрү

Дээрлик ар бир экинчи респондент акыркы жыл ичинде киберкастыктын көрүнүштөрүнө кабылган, ал эми 15–18% буга дайыма дуушар болууда. Коркунучтардын мүнөзү ачык гендердик өзгөчөлүккө ээ:

- Кыздар тышкы көрүнүшүнө (келбетине) байланышкан чабуулдарга кыйла көп учурайт : алардын 33.3% мезгил-мезгили менен же туруктуу түрдө коркутууга кабылган (уландарда бул көрсөткүч 21.1% түзөт). Туруктуу хейтке кабылуу кыздар арасында 17.1%, ал эми уландарда 9.3% гана түздү.
- Эң чоң гендердик ажырым кыздарга/аялдарга болгон мамиледе байкалган: кыздардын 21.3% жана уландардын 8.6% дайыма коркутууга дуушар болууда.
- Кыздар сексуалдаштырылган чабуулдарга же жыныстар ортосундагы мамилеге тиешелүү басымдарга көбүрөөк кабылышкан: 11.3% -кыздар, 7.8% - уландар.
- Уландар улуттук белгисине, социалдык статуска же саясий көз караштарга негизделген чабуулдарга көбүрөөк дуушар болушат.

Аялуу курак жогорулаган сайын өсөт: эгерде 12–14 жаштагы өспүрүмдөрдүн болжол менен жарымы киберкастыкка кабыла элек болсо, 20–25 жаштагы

жаштардын арасында мындайлардын үлүшү чейрек бөлүгүн гана түзөт. Шаардык жаштардын арасында виктимизациянын жогору болушу, сыягы, алардын онлайн-активдүүлүгүнүн жогорулугу жана санариптик чөйрөдө көбүрөөк көрүнүп тургандыгы менен байланыштуу. Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын тармакта кабылган коркунучтары сейрек учурларда гана обочолонгон мүнөзгө ээ; көбүнчө алар реалдуу (физикалык) чөйрөдөгү агрессиянын түздөн-түз уландысы же чагылышы болуп саналат.

## 3. «Офлайн-онлайн» чынжырчасы: ажырагыс байланыш

Физикалык мейкиндиктеги агрессия кеңири жайылган бойдон калууда: сөз менен кордоо (34,7%), ушактарды жайылтуу (33,7%) жана физикалык зордук-зомбулук (16,3%) көп кездешкен көрүнүштөр. Изилдөөнүн негизги корутундусу — офлайн жана онлайн-виктимизациянын ортосунда өз ара тыгыз байланыш бар экендигинде. Мектепте башталган куугунтук санариптик мейкиндикте уланат жана, тескерисинче, онлайн чатактар реалдуу жашоого өтөт.

Гендердик моделдер бул жерде да байкалат:

- **Уландар** физикалык зордук-зомбулук жана акча талап кылуу (опузалоо) тууралуу көбүрөөк билдиришет.
- **Кыздар** социалдык изоляцияга, вербалдык кордоолорго жана ушактарга көбүрөөк дуушар болушат.
- **Негизги нюанс:** сексуалдык асылуулар эки топко тең тиешелүү (уландардын 13,5% жана кыздардын 9,7%), бул курмандыктын профили тууралуу стереотиптик түшүнүктөрдү күмөндүү кылат жана гендердик-инклюзивдүү коргоо чараларынын зарылдыгын баса белгилейт.

Өспүрүмдөр менен жаштар бул агрессия циклинин бир эле учурда курмандыктары да, белгилүү бир учурларда катышуучулары да болуп санала тургандыгын түшүнүү - натыйжалуу интервенцияларды (кийлигишүү чараларын) иштеп чыгуу үчүн өтө маанилүү.

## 4. Агрессияга катышуу: реакциядан «нормалдаштырууга» чейин

Маалыматтар көрсөткөндөй, тармактагы агрессивдүү жүрүм-турум маргиналдык көрүнүш эмес: ар бир төртүнчү респондент (25,1%) жок дегенде бир жолу кордоочу контентти жарыялаган. Уландар агрессивдүү жүрүм-турумга бир аз жогорураак тартылгандыгын көрсөтүшөт: кыздардын 23,8% салыштырмалуу, уландардын 27,3% жок дегенде бир жолу хейтке катышкан.

Мотивдерди талдоо:

- Реактивдүү жана коргонуу себептери (өзүн-өзү коргоо, таарынычка жооп кайтаруу, өч алуу) басымдуулук кылат (~20%).
- Эмоционалдык факторлор (ачуулануу, эмоционалдык жеңилдөө/разрядка) дагы маанилүү орунду ээлейт (~15%).
- Социалдык мотивдер (көңүл ачуу, курбу-курдаштардын басымы) сейрегирээк кездешет.

Бул киберагрессия көбүнчө жеке көйгөй катары эмес, өспүрүмдөр менен жаштар арасындагы эмоционалдык жөнгө салуунун начардыгы жана топтук жүрүм-турум нормалары менен мүнөздөлгөн санариптик социалдык экологиянын элементи катары келип чыгарын көрсөтөт.

# // КОРУТУНДУЛАР

Талдоо көрсөткөндөй, Кыргызстандагы колдонуудагы ченемдик-укуктук жөнгө салуу кибербуллинг көйгөйүн жарым-жартылай гана камтыйт жана санариптик чөйрөдө балдарды жана өспүрүмдөрдү коргоонун комплекстүү механизмин түзбөйт. Киберкоопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу демилгелери негизинен маалыматтарды коргоого, маалыматтык инфраструктуранын туруктуулугуна жана санариптик кызматтарды жөнгө салууга багытталган, ал эми онлайн карым-катыштын социалдык тобокелдиктери укуктук талаада жетишсиз чагылдырылган бойдон калууда. Улуттук мыйзамдарда кибербуллингдин юридикалык аныктамасы жок, ал эми интернеттеги кордоо жана жалаа жабуу үчүн каралган жоопкерчилик ченемдери айрым учурларда гана колдонулат жана онлайн-куугунтуктун системалуу мүнөзүн эсепке албайт. Натыйжада, мамлекеттик саясат негизинен контентти көзөмөлдөөгө жана тыюу салууга багытталган, ал эми онлайн-агрессиянын жүрүм-турум аспектилерин алдын алуу жана жөнгө салуу чектелүү бойдон калууда.

Билим берүүнү санариптештирүү программаларынын алкагында окуучулар санариптик инструменттерди жана медиа сабаттуулуктун негиздерин өздөштүрүшөт, ошол эле убакта алдын алуу чаралары жана жооп кайтаруу иштери үзүл-кесил бойдон калууда. Ошол эле учурда, эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, кибербуллингдин алдын алууда билим берүү мекемелериндеги системалуу алдын алуу программалары эң жакшы натыйжа берери аныкталган. Санариптик маданиятты калыптандыруу жана санариптик чөйрөдө балдардын коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндө адистерди даярдоо зарылчылыгы көңүл бурууну талап кылат. Педагогдордун жана мектеп психологдорунун компетенцияларын жогорулатуу, кибербуллинг учурларын аныктоо жана аларга жооп кайтаруу, ошондой эле курмандыктарга жана агрессорлорго кесипкөй колдоо көрсөтүү боюнча системалуу иште жолго коюу зарыл.

Натыйжалуу ишке ашыруу мамлекеттин, билим берүү мекемелеринин, жарандык коомдун жана бизнестин консолидацияланган биргелешкен аракеттерин талап кылат, бул Кыргызстандын жаштары коопсуз жана агрессиянын ар кандай формаларынан эркин өнүгө ала турган чөйрөнү түзүүгө мүмкүндүк берет.

# // СУНУШТАМАЛАР

## I СТРАТЕГИЯ. САЯСАТ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ

**Ченемдик-укуктук базаны күчөтүү.** Мамлекеттик органдардын (Агартуу министрлиги, ИИМ, Саламаттык сактоо министрлиги, Санариптик өнүктүрүү министрлиги) ведомстволор аралык координациясына, ошондой эле анын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо үчүн көрсөткүчтөр тутумун караган балдарды буллингден жана кибербуллингден коргоо боюнча улуттук стратегияны иштеп чыгуу. Окуу жайларында аныктоо жол-жоболорун, жооп кайтаруу алгоритмдерин жана кибербуллингди азайтуу боюнча алдын алуу чараларын камтыган санариптик маданият кодексин иштеп чыгууну жана киргизүүнү демилгелөө.

**Билим берүү процессине интеграциялоо.** Орто класстардын окуучуларынан баштап мектеп программасына медиа сабаттуулук, санариптик маданият, эмоционалдык интеллект жана кибербуллинг боюнча милдеттүү модулдарды киргизүү. Педагогдор жана мектеп психологдору үчүн санариптик чөйрөдөгү курмандыктар жана агрессорлор менен иштөө боюнча колдонмолорду жана эскертмелерди иштеп чыгуу жана жайылтуу.

**Улуттук мониторинг тутумун түзүү.** Психологиялык колдоо кызматтары менен интеграцияланган, киберагрессия жана буллинг учурлары жөнүндө купуя отчеттуулук үчүн улуттук платформаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

**Прикладдык изилдөөлөрдү стимулдаштыруу.** Аймактык жана курактык өзгөчөлүктөргө терең талдоо жүргүзүү, ошондой эле кибервиктимизациянын узак мөөнөттүү кесепеттерин изилдөө менен көйгөйдүн мониторингин улантуу.

## II СТРАТЕГИЯ. МЕКТЕПТЕР ЖАНА КООМДОШТУКТАР

Педагогдордун жана мектеп психологдорунун компетенцияларын жогорулатуу. Мугалимдер жана психологдор үчүн буллингдин жана киберагрессиянын алгачкы белгилерин аныктоо, ошондой эле конфликттин тараптары ортосунда калыбына келтирүүчү медиацияларды өткөрүү боюнча милдеттүү квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу.

Ата-энелер коомчулугун тартуу. Ата-энелер үчүн санариптик тарбиялоо, кибербуллингдин белгилерин аныктоо, балдар менен ачык диалог жүргүзүү ыкмаларына үйрөтүү боюнча агартуучу семинарларды уюштуруу жана онлайн-ресурстарды түзүү, «Бекем үй-бүлө» тибиндеги санариптик маданият боюнча программаларды иштеп чыгуу.

Сексуалдаштырылган агрессияга дуушар болгон кыздардын жана уландардын муктаждыктарына, ошондой эле улуттук негизде кол салууга дуушар болгон уландар үчүн коомдук уюмдарды, тармактык түзүмдөрдү жана эксперттерди тартуу менен адаптацияланган программаларды иштеп чыгуу.

«Тең-теңине» (Peer-to-Peer) принцибин өнүктүрүү. Мектептерде жана жогорку окуу жайларында сылык баарлашуу нормаларын жайылтуучу жана курбу-курдаштарына алгачкы колдоо көрсөтүүчү жаштардын «санариптик маданият элчилери» тармагын түзүү жана колдоо.

Коопсуз психологиялык климатты түзүү. Мектептерде психо-эмоционалдык саламаттык маселелери боюнча үзгүлтүксүз класстык сааттарды киргизүү жана окуучулар жашыруун түрдө кесипкөй жардам алуу үчүн кайрыла ала турган ишеним кабинеттерин түзүү.

## III СТРАТЕГИЯ. КООМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР

Кеңири масштабдагы маалыматтык өнөктүктөр. Курмандыктарды стигматизациялоодон арылтуу жана агрессивдүү жүрүм-турумду айыптоо үчүн популярдуу блогерлерди тартуу менен социалдык тармактарда үзгүлтүксүз #ИнтернеттегиСый (#УважениеВСети) коомдук өнөктүгүн өткөрүү.

IT-платформалар менен өнөктөштүк. Модерацияны локалдаштыруу үчүн Meta жана TikTok менен кызматташуу жана кыргыз тилиндеги кастык тилин таануу алгоритмдерин иштеп чыгуу.

Deutscher Akademischer Austauschdienst
German Academic Exchange Service

Universität Hamburg
DER FORSCHUNG | DER LEHRE | DER BILDUNG

TAALIM FORUM ТААЛИМ ФОРУМ

Бул изилдөө DAAD (Германиянын академиялык алмашуу кызматы) программасынын колдоосу менен «Интернеттеги кастыкка каршы бирге туралы: алдын алуу жана жаштарга таасир этүү стратегиялары» долбоорунун алкагында жүргүзүлдү.

**Гамбург университети,**
**билим берүү факультети**
**Долбоордун жетекчиси: Ю. Левин**
Эл. почта: julia.levin@uni-hamburg.de
Вебсайт: https://www.ew.uni-hamburg.de/ueber-die-fakultaet/personen/levin-j.html

**«Таалим-Форум», Кыргызстан,**
**Бишкек ш.**
**Изилдөө тобу: Доолбекова Ж., Жолчубекова А., Осмонова А.**
Эл. почта: taalimforum@gmail.com
Вебсайт: https://taalimforum.kg/